# ОКУУ САБАКТАРЫНА БАЙКОО ЖҮРҮЗҮҮ ҮЧҮН SABAKAPP МОБИЛДИК ТИРКЕМЕСИНИН

# НУСКАМАЛАРЫ

УДК 372.882

ББК 74.268.0

О-52

О-52 Окуу сабактарына байкоо жүргүзүү үчүн sabakapp мобилдик тиркемесинин нускамалары – Б.: V.R.S. Company, 2024. – 56 б.

ISBN 978-9967-9508-9-4

USAIDдин «Окуу керемет!» долбоорунун алкагында планшетке орнотулуучу SabakApp тиркемеси иштелип чыккан. Электрондук тиркеме башталгыч класстын мугалимдерине, мектептин усулдук бирикмесинин (МУБдун) жетекчисине, мектептин администрациясына жана райондук билим берүү бөлүмдөрүнүн (РайБББнын) / шаардык билим берүү башкармалыктарынын (ШаарБББнын) методисттерине окууга жана жазууга үйрөтүүнүн, окутуу жылына (1-4-класстар) жана тексттин татаалдыгынын деңгээлдерине жараша бөлүштүрүлгөн балдар адабиятын колдонуунун жаңы стратегияларын жана методикаларын өздөштүрүүгө колдоо көрсөтүү максатында түзүлгөн. SabakApp тиркемеси сабакка байкоо жүргүзүүнүн формасын жана берилген критерийлердин негизинде сабактын тигил же бул аспектилерин жакшыртуу боюнча сунуштар менен чогуу кайтарым байланышты камтыйт.

2024-жылдын 25-мартында Кыргыз билим берүү академиясынын окумуштуулар кеңешинин чечими менен бекитилип, басып чыгарууга сунушталды (№2 протокол).

ISBN 978-9967-9508-9-4

УДК 372.882

ББК 74.268.0

## КИРИШҮҮ

Педагогдун ишмердигинин натыйжалары, класстагы жана мектептеги билим берүү процессинин сапаты жалпысынан ар бир мугалимдин өзүнүн кызматтык милдеттерин канчалык ак ниеттүү жана сапаттуу аткарганына көз каранды болот. Ошол эле учурда мугалимдин ишмердигин кантип баалоо керектиги жана кайтарым байланыштын бир түрү болгон сабактын анализин түшүнүктүү жана айкын болгондой, мугалимдин өз педагогикалык чеберчилигин өркүндөтүүгө, билим берүүнүн заманбап стандарттарына шайкеш келген окутуу сапатына жетишүүгө шыктануусун күчөтүүгө өбөлгө түзгөндөй кылып кандайча өткөрүү керектиги жөнүндө маселе жаралат.

Сабакка байкоо жүргүзүү жана андан кийин мугалим менен чогуу сабакка анализ берүү башталгыч класстын мугалимин усулдук колдоонун жана кесиптик өнүктүрүүнүн натыйжалуу ыкмасы болуп саналат.

USAIDдин «Окуу керемет!» долбоорунун алкагында планшетке орнотулуучу SabakApp тиркемеси иштелип чыккан. Электрондук тиркеме башталгыч класстын мугалимдерине, мектептин усулдук бирикмесинин (МУБдун) жетекчисине, мектептин администрациясына жана райондук билим берүү бөлүмдөрүнүн (РайБББнын) / шаардык билим берүү башкармалыктарынын (ШаарБББнын) методисттерине окууга жана жазууга үйрөтүүнүн, окутуу жылына (1-4-класстар) жана тексттин татаалдыгынын деңгээлдерине жараша бөлүштүрүлгөн балдар адабиятын колдонуунун жаңы стратегияларын жана методикаларын өздөштүрүүгө колдоо көрсөтүү максатында түзүлгөн. SabakApp тиркемеси сабакка байкоо жүргүзүүнүн формасын жана берилген критерийлердин негизинде сабактын тигил же бул аспектилерин жакшыртуу боюнча сунуштар менен чогуу кайтарым байланышты камтыйт.

Долбоор тарабынан иштелип чыккан сабакка байкоо жүргүзүү формасы көрсөткүчтөрдүн топтому менен бекемделген ийгиликтин критерийлерин камтыйт. Көрсөткүчтөр байкоо жүргүзүү үчүн суроолор түрүндө сабактын белгилүү бир аспектилери: сабактын этаптарына ылайык окутуу (Б бөлүгү), баалоонун түрлөрү жана стратегиялары (С бөлүгү), окутуу чөйрөсү (D бөлүгү) боюнча мугалимдин болжолдонгон аракеттеринин сүрөттөлүшү жана мисалдары менен чогуу берилген. Бул форма сабакка байкоо жүргүзүүнүн жүрүшүндө МУБдун жетекчилери, мектептин администрациясы же РайБББнын / ШаарБББнын методисттери тарабынан толтурулат.

Байкоочу форманы толтургандан кийин SabakApp тиркемеси дароо сабактын ар бир аспектиси боюнча кеңейтилген кайтарым байланышты сунуштайт. Кайтарым байланыш автоматтык түрдө түзүлөт жана байкоочу тарабынан сабактын биргелешкен анализин уюштурулушу жана мугалимдин класстагы ишмердигин жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу үчүн негиз болуп кызмат кылат. Сабакка байкоо жүргүзүүнүн жыйынтыктары боюнча кайтарым байланыш мугалимге жашыруун (конфиденциалдык) түрдө берилет: башка мугалимдердин катышуусуна жол берилбейт. Эгер сабакка мугалим-байкоочулардын тобу катышса, анда ар бир байкоочу тарабынан кыскача кайтарым байланыш берилиши мүмкүн, бирок ал мугалимдин өзү берген анализден (өзүн-өзү анализдөөдөн) кийин гана берилет.

Мурдатан белгилүү болгон жана мугалим менен макулдашылган сабакка байкоо жүргүзүүнүн формасынын негизинде сабактын биргелешкен анализин жүргүзүү мугалимди өз аракеттерин аңдоого түртөт жана кесиптик практикадагы оң өзгөрүүлөргө алып келет. SabakApp электрондук тиркемеси окутуу сапатын жакшыртуу үчүн кийинки кадамдарды аныктоого жардам бергени өтө маанилүү, бул окуучулардын жетишкендиктерин жакшыртууга алып келет.

SabakApp тиркемесин колдонуу менен түзүлгөн усулдук колдоонун бул сүрөттөлүшү байкоочу да, мугалим да сабактын кайсы жагдайлары анализделүүгө жана бааланууга тийиш экенин айкын түшүнүшү үчүн берилди. Ийгиликтин критерийлерин жана анын көрсөткүчтөрүн түшүнүүдө макулдаштыкты орнотуу сабакка байкоо жүргүзүүнүн жана анализдөөнүн айкындуулугун жана калыстыгын камсыз кылат жана башталгыч класстын мугалиминин кесиптик компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн натыйжалуу каражаты болуп кызмат кылат.

# SABAKAPP ЭЛЕКТРОНДУК ТИРКЕМЕСИН КОЛДОНУУ МЕНЕН САБАККА БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ФОРМАСЫ

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүрөттөлүшү |
|---|---|---|---|
| **А. Жалпы бөлүк** | | | |
| | | **Жайгашкан орду**<br>• Область<br>• Район<br>• Мектеп | SabakApp тиркемесинен сабакка байкоо жүргүзүлүп жаткан мектептин жайгашкан ордун тандаңыз.<br>**Облусту тандаңыз**<br>**Районду тандаңыз**<br>Мектепти тандаңыз<br>*Кийинки бөлүккө өтүү үчүн **Next** баскычын басыңыз* |
| | | • **Күнү**<br>• **Убактысы** | **Сабакка катышуунун күнүн жана убактысын** SabakApp тиркемеси автоматтык түрдө тандайт.<br>*Кийинки бөлүккө өтүү үчүн **Next** баскычын басыңыз* |
| 0 | | **Жалпы маалымат**<br>• Класс<br>*(1-чи, 2-чи, 3-чи, 4-чү)*<br>• Окутуу тили<br>*(кыргыз, орус, өзбек, тажик)* | Бул бөлүктө сиз катыша турган классты жана сабак өтүлө турган окутуу тилин тандоо керек.<br>Мисалы, эгер бул 3-класстагы орус тилиндеги окуу сабагы болсо, демек төмөнкүдөй тандоо керек:<br>**Класс:** 3<br>**Окутуу тили:** орус |

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүреттөлүшү |
|---|---|---|---|
| 1 | | • Класстагы кыздардын жалпы саны (журнал боюнча)<br>• Класстагы балдардын жалпы саны (журнал боюнча) | Сабак башталганга чейин класстагы кыздардын жана балдардын жалпы санын журналдан эсептеп, ушул бөлүктө көрсөтүү керек |
| 2 | | • Сабакка келген кыздардын саны<br>• Сабакка келген балдардын саны | Бул бөлүктө сабакка иш жүзүндө катышып жаткан кыздардын жана балдардын санын белгилөө керек |
| 3 | | • Сабакка тиешелүү окуу китебин алып келген окуучулардын саны | Бул бөлүктө окуучулар ушул сабакка алып келинген окуу китептеринин иш жүзүндөгү санын көрсөтүү керек.<br><br>*Кийинки бөлүккө өтүү үчүн **Next** баскычын басыңыз* |

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүрөттөлүшү |
|---|---|---|---|
| **Окуу сабагына байкоо жүргүзүү** | | | |
| **Б. Окутуу (окуу материалынын мазмунун берүү, окутуунун жана классты башкаруунун усулдары)** | | | |
| 4 | • Сабакта окуу иш-мердүүлүк-түн ар кандай түрлөрүн колдонуу.<br>• Маалыматты ар кандай форматта жана ар түрдүү (ви-зуалдык, аудио, прак-тикалык) жолдор ме-нен берүү | 4. Мугалим эмне кылат?<br>(***Бардык туура келген варианттарды белгилеңиз.)***<br>4.1) Окуп-үйрөнүү максаттарын белгилейт. | **4.1) Окуп-үйрөнүү максаттары**<br>Максат коюу сабакты пландоонун жана өтүүнүн эң маанилүү бөлүгү болуп саналат. Ал артыкчылыктуу багыттарды аныктоого, чечим кабыл алууга жана пландалганды ишке ашырууга жардам берет. Максаттар канчалык так туюнтулса, баалоо ошончолук натыйжалуу жана калыс болот.<br>Так туюнтулган максат төмөнкүдөй болууга тийиш:<br>• сабакта эмнеге жетиш керек экенин айкын элестете алуу үчүн конкреттүү, өзгөчөлүктүү болууга тийиш;<br>• сабактын максаттарына жетүү деңгээлин баалоого мүмкүн болуш үчүн өлчөнүүчү болууга тийиш;<br>• кандай аракет каалаган натыйжага алып барарын түшүнүү үчүн аракетке багытталган болууга тийиш;<br>• жетүүгө мүмкүн болуш үчүн реалисттик болууга тийиш;<br>• убакыты так чектелген жана аткаруу үчүн жөндүү каражаттарды талап кылууга тийиш.<br>***Мисал***<br>**Предмет:** Адабий окуу<br>**Класс:** 3<br>**Тема:** Манастын ысымы |

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүрөттөлүшү |
|---|---|---|---|
| | • Нуска-маларды жана ишти аткаруу тартибин түшүн-дүрүү, класстагы жүрүм-ту-рум эре-желерин киргизүү.<br>• Кошумча ресурстар-ды на-тыйжалуу колдонуу, аларды камсыз кылуу жана алар-ды пайда-ланууга окуучулар-ды шык-тандыруу | | **Сабактын максаты**<br>- Сабактын аягында окуучулар Манас деген каарман ким экенин жана анын ысымы эмнени билдирерин түшүндүрө алат.<br><br>Сабактын максаттары так, кыска, окуучуларга түшүнүктүү фраза түрүндө болот. Максаттар окуучу эмнени окуп-үйрөнөрүн билдирип, тил (кыргыз / орус / өзбек / тажик) жана окуу боюнча Предметтик стандартта сунушталган билим берүүчүлүк натыйжаларга шайкеш келген күтүлүүчү натыйжалар түрүндө туюнтулат.<br><br>• Мугалим максаттарды сабактын башында тааныштырып, айтып бериши керек.<br>• Окуучуларга өзүнүн максаттарын коюуга, б.а. берилген тема боюнча сабакта эмнени билгиси жана үйрөнгүсү келерин өздөрү аныкташына мүмкүнчүлүк берүү зарыл.<br>• Сабакты жыйынтыктоо учурунда мугалим сабактын максаттарына кайрылууга жана окуучулар менен бирдикте максатка жетүүнүн деңгээлин аныктоого тийиш.<br><br>Сабактын максаттары боюнча тереңирээк маалымат алуу үчүн «Формативное обучение в начальной школе» (түзүүчүлөр О. И. Дудкина, А. А. Буркитова, Р. Х. Шакиров. — Б.: «Билим», 2012. — 89 бет) нускамасын карасаңыз болот. |

<table>
<tr><th>№</th><th>Ийгиликтин критерийлери</th><th>Байкоо үчүн маселелер</th><th>Сүрөттөлүшү</th></tr>
<tr><td></td><td></td><td>4.2) Сабактын күтүлүүчү натыйжалары менен тааныштырат</td><td>4.2) Күтүлүүчү натыйжалар<br><br>Күтүлүүчү натыйжалар — конкреттүү билгичтиктер, көндүмдөр, байкалуучу аракеттер жана мамилелер түрүндө чагылуучу окуучулардын сабактагы өлчөнүүчү конкреттүү жетишкендиктери. Алар сабак аяктагандан кийин окуучулар эмнени жасай алышарын сүрөттөйт.<br><br>Максаттардын жана күтүлүүчү натыйжалардын сабактын планындагы туюнтулушу сиз доскага жазгандан же айткандан айырмалуу болушу мүмкүн. Алар, мисалы, окуучуларды жообун издөөгө шыктандыруучу суроолор түрүндө туюнтулушу мүмкүн.<br><br>Башкысы — күтүлүүчү натыйжалардын туюнтулушу окуучуларга түшүнүктүү болууга тийиш, ошол эле учурда аларды бул процесске аз-аздан тартуу сунуш кылынат. Күтүлүүчү натыйжалардын тизмеси доскага илинип, сабактын жүрүшүндө мугалимдин жана окуучулардын аларга кайрылууга жана аларга жетүүнүн деңгээлин текшерүүгө мүмкүнчүлүктөрү болууга тийиш.<br><br>Мисал<br>Предмет: Адабий окуу<br>Класс: 3<br>Тема: Манастын ысымы<br><br>
<table>
<tr><th>Сабактын максаты</th><th>Күтүлүүчү натыйжалар</th></tr>
<tr><td>Сабактын аягында окуучулар Манас деген каарман ким экенин жана анын ысымы эмнени билдирерин түшүндүрө алышат.</td><td>Сабактын аягында окуучулар:<br>• Манас жөнүндө кыргыздарды бириктирген баатыр катары ой жүгүртүшөт;<br>• Манаска ат коюуга катышкан негизги каармандарды атап беришет;<br>• текстке таянып, Манастын ысы-мынын ар бир тамгасы эмнени билдирерин айтып беришет</td></tr>
</table>
</td></tr>
</table>

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүрөттөлүшү |
|---|---|---|---|
| | | 4.3) Окуучуларды таяныч билимдерин актуалдаштырууга үндөйт | **4.3) Таяныч билимдерин актуалдаштыруу**<br>*Таяныч билимдерди актуалдаштыруу* — заманбап сабактын этаптарынын бири. Мындагы милдет – окуучуларды жаңы материалды өздөштүрүүгө даярдоо, боло турган тема жөнүндө өз түшүнүгүн, ойлорун эстөөгө жана айтып берүүгө, жаңы маалыматты кабыл алуу (ачуу) үчүн баштапкы тажрыйбасын бөлүшүүгө түрткү берүү.<br>Билимдерди актуалдаштыруу үчүн мугалим ачык суроолорду коюу, жазуу түрүндөгү машыгуу, сүрөт же аталыш боюнча божомолдоо, табышмак табуу, ребус чечмелөө, билем-билгим келет-билдим методу, сүйлөмдү темасы боюнча улантуу, түйүндүү сөздөрдүн чынжырын түзүү ж.б. сыяктуу ар кыл техникаларды колдоно алат.<br>***Мисалдар***<br>«Идеялардын себети» техникасы<br>Сабактын темасы жарыяланат. Окуучуларга жаңы тема боюнча билгендерин өз дептерлеринде жекече жазып чыгуу сунушталат (2-3 мүнөт). Андан кийин жуптар түзүлөт да, окуучулар жуп ичинде маалымат алмашып, кайсы ойлор окшош экенин, кайсыларында айырма бар экенин аныкташат (3 мүнөт). Мугалим талкуунун натыйжалары жөнүндө окуучулардан тандап сурайт. Алар жаңы тема боюнча өз билимдерин жана идеяларын бөлүшөт. Жоопторду (ысымдар, даталар, фактылар, божомолдор ж.б.) мугалим жазып, флипчартка же (кадимки же интерактивдүү) доскага тартылган себетке жайгаштырат.<br>«Жазуу түрүндө машыгуу» техникасы<br>Мугалим сабакта сөз боло турган заттын, кубулуштун китептеги иллюстрациясын же сүрөтүн көрсөтөт. Ал сүрөттү жөнөкөй сүйлөмдөрдүн жардамы менен сүрөттөөнү окуучулардан өтүнөт. |

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүрөттөлүшү |
|---|---|---|---|
| | | 4.4) Окуу материалын көрсөтмө куралдарды, жазуу тексттерин, схемаларды, таблицаларды же слайддарды колдонуу менен түшүндүрөт. | **4.4) Окуу материалынын мазмунун көрсөтмө куралдарды, жазуу тексттерин, схемаларды, таблицаларды же слайддарды колдонуу менен түшүндүрүү**<br><br>Билимди калыптандыруу үчүн маалыматты кабыл алуунун бир нече ыкмаларын камсыз кылуу максатында окуу материалын окуучуларга бир нече формада жеткирүү Окутуунун универсалдуу дизайнынын (ОУДдун) принциптеринин бири болуп саналат.<br><br>Башталгыч класстын окуучуларында көрсөтмөлүү-элестүү ой жүгүртүү басымдуулук кылгандыктан, визуализациянын (көрсөтмөлүүлүктүн) ар кыл түрлөрү колдонулган учурда алар материалды жакшыраак өздөштүрүшөт.<br><br>Окуучулардын оюн топтоо үчүн схема, сүрөт, таблица, инфографика түрүндөгү көрсөтмө куралдарды колдонуу керек, анткени кенже окуучуларга кунт коюунун туруктуулугунун төмөндүгү жана чоочун дүүлүктүргүчтөргө көп алаксуу мүнөздүү.<br><br>Сабак өтүү процессинин ар кыл этаптарында төмөнкүлөр олуттуу мааниге ээ:<br><br>• текст аркылуу берилип жаткан мазмундун эң башкы аспектилерин түс менен же өзгөчө шрифт менен бөлүп көрсөтүү;<br>• доскада ар түрдүү борлор же маркерлер, паста менен иштөө;<br>• түшүндүрүүнү окуу фильмдери, презентациялар жана бөлөк санариптик ресурстар менен коштоо;<br>• таркатылуучу материалды эстетикалуу тариздөө;<br>• оозеки нускамаларга кошумча катары жазуу нускамалар (1-модуль. «Дифференцияланган окутууну башталгыч мектепте колдонуу»). |

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүрөттөлүшү |
|---|---|---|---|
| | | | Көрсөтмөлүүлүктүн ар кыл каражаттарын колдонуу окуучуларды активдештирет, алардын көңүлүн бурат жана ошонун өзү менен алардын өнүгүүсүнө жардам берет, материалды бекемирээк өздөштүрүүгө көмөктөшөт, убакытты үнөмдөөгө мүмкүндүк берет.<br>Сабакка көрсөтмөлүүлүктүн тигил же бул түрүн тандап алуудан мурун биринчи кезекте конкреттүү сабактын максаттарын жана милдеттерин аныктоо, андан кийин сабакта карала турган кубулуштун эң олуттуу жактарын так чагылдырган көрсөтмө куралдарды тандап алуу зарыл. Туура тандалган / түзүлгөн көрсөтмөлүүлүк окуучуларга бул сабакта калыптана турган элестин же түшүнүктүн негизинде жаткан белгилерди ажыратууга жана топтоого мүмкүндүк берет.<br>***Мисал***<br>**Предмет:** Адабий окуу<br>**Класс:** 3<br>**Тема:** Манастын ысымы<br>Жаңы сөздөрдү тереңирээк түшүнүү үчүн мугалим сүрөттөрдү көрсөтөт, мисалы:<br><br>*1-сүрөт. Баланын эмгеги*<br><br>*2-сүрөт. Берешен колдор (чоң, кенен алакан)* |

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүрөттөлүшү |
|---|---|---|---|
| | | 4.5) Окуу материалынын мазмунун аудио форматта берет (окуучуларга үнүн чыгарып окуп берүү, аудио материалдарды угузуу, ыр ырдоо, талкууларды жүргүзүү ж.б.) | **4.5) Окуу материалынын мазмунун ауди форматта берүү (окуучуларга үнүн чыгарып окуп берүү, аудио материалдарды угузуу, ыр ырдоо, талкууларды жүргүзүү ж.б.)**<br><br>Кабыл алуунун башка ыкмаларын өнүктүрүү жана өнүккөн аудиалдык жөндөмдүүлүгү бар балдардын материалды жакшыраак кабыл алышы үчүн мугалим ар түрдүү аудиоканалдарды колдоно алат. Мисалы, окуучулар туура окууну / жаңы сөздөрдүн туура айтылышын, интонацияны өздөштүрүшү үчүн, тыныш белгилеринин сакталышын байкашы үчүн мугалим үлгүлүү окууну колдонот.<br><br>Мугалим кеңири оозеки түшүндүрүүнү, окуучулардын оозеки билдирүүлөрүн, талкууну, текстти үнүн чыгарып окууну, аудиотехниканы колдоно алат, балдардан айтылганды кайталоону, окуучулардан өздөрү эмне кылып жатышканын айтып берүүнү өтүнө алат (1-модуль. «Дифференциацияланган окутууну башталгыч мектепте колдонуу»).<br><br>**МААНИЛҮҮ!**<br><br>Эгер мугалим ыр койсо же балдар менен чогуу тыныгуу үчүн ыр ырдаса, бул ишмердик окуу материалын мазмунун аудио форматта берүү болуп саналбайт, анткени бул учурда жаңы материалдын мазмуну өздөштүрүлбөйт. |

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүрөттөлүшү |
|---|---|---|---|
| | | 4.6) Окуу материалынын мазмунун моделдештирүү, сүрөт тартуу, ролдук оюндар, реалдуу буюмдарды колдонуу менен практикалык көнүгүүлөр аркылуу, жаңсоонун жардамы менен түшүндүрөт | **4.6) Окуу материалынын мазмунун моделдештирүү, сүрөт тартуу, ролдук оюндар, реалдуу буюмдарды колдонуу менен практикалык көнүгүүлөр аркылуу, жаңсоонун жардамы менен түшүндүрүү**<br>Мугалим ишмердиктин активдүү түрлөрүн: ролдук, манжалык оюндарды, театралдык оюндарды, буюмдарды, мисалы куурчактарды же үй эмерегин колдонуп аракеттерди жасоону, топтук ишти колдонот, керектүү жаңы маалыматтарды дептерге же доскага жазууга убакыт берет, окуучуларга өз сезимдерин жана туюмдарын чыгарманын авторунун жана каармандарынын сезимдери жана туюмдары менен салыштырып көрүүнү сунуш кылат, чакан изилдөөчүлүк иш жүргүзөт, окуучулардан реалдуу буюмдарды, сүрөт тартууну, моделдештирүүнү, пантомиманы колдонуп тапшырма аткарууну; жаратылыш объектилери менен карым-катыш жасоону өтүнөт, экскурсия жүргүзөт. Ошондой эле мугалим өзү да активдүү: түшүндүрүү учурунда атайын сигналдарды – жаңсоолорду колдонот, ырдын ритмин колу менен же буттары менен уруп берет ж.б. (1-модуль «Дифференциацияланган окутууну башталгыч мектепте колдонуу»).<br>Мисалы, окуучулардын жаңы тема боюнча билимдерин бекемдөө үчүн мугалим «Манастын ысымы» текстинен бир эпизодду сахналаштырууну сунуш кыла алат.<br>***Мисал***<br>Мугалим топтук иштерди уюштурат.<br>**1-топ**. Тапшырма: Аксакалдар чогулуп, наристеге ат коюуну ойлонуп жаткан эпизод боюнча диалог түзүү. Түзүлгөн диалогду сахналаштыруу.<br>**2-топ.** Тапшырма: Аксакалдар жана Жакыптын агасы «Манас» деген атты чечмелеп берип жаткан эпизод боюнча диалог түзүү. Түзүлгөн диалогду сахналаштыруу. |

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүрөттөлүшү |
|---|---|---|---|
| | | 4.7) Тапшырмаларды аткарууга так нускамаларды берет | **4.7) Тапшырмаларды аткарууга так нускамалар**<br>Так нускама – тапшырма аткаруунун ийгилигинин жарымы. Кыска нускамаларды колдонууга аракет кылыңыз, чоң тапшырманы бир нече кичирээк кадамдарга бөлүңүз. Окуучуларды чаташтырып албаш үчүн аракеттерди кезеги менен аткартыңыз.<br>***Мисал***<br>Мугалим топторго тапшырма берет, бирок окуучулар оюнга алаксыбашы үчүн аларга таркатылуучу материалдарды (тексттерди, таблицаларды ж.б.) бербейт. Тапшырма айтылгандан кийин тапшырманын маңызын жана аткаруу ырааттуулугун баары түшүнгөнүн текшериш үчүн 2-3 окуучудан тапшырманы кайталоону өтүнөт. Окуучулар тапшырманы кантип аткаруу керектигин жана алардын эмне кылышы керектигин так билгенин көргөндөн кийин гана мугалим таркатылуучу материалдарды топторго берет. |
| | | 4.8) Сабак учурунда класстын ичинде басып жүрөт | **4.8) Сабак учурунда класс ичинде басып жүрүү**<br>Мугалим класстык бөлмөнүн ичинде басып, окуучулардын ишине байкоо жүргүзөт жана окуу тапшырмаларын аткарууну багыттап турат. Сөз тартипти көзөмөлдөө жөнүндө эмес, окуучулар менен карым-катышта болуу жана өз учурунда жардам жана колдоо (скаффолдинг) көрсөтүү жөнүндө болууда. |
| | | 4.9) Окуу материалынын мазмунун окуу китебинин гана жардамы менен түшүндүрөт | **4.9) Окуу материалынын мазмунун окуу китебинин гана жардамы менен түшүндүрүү**<br>Бул көрсөткүч мугалим сабакта окуу материалын окуу китебин гана колдонуп түшүндүргөн, же окуучулар сабактагы жаңы теманы окуу китебинин гана жардамы менен өздөштүргөн учурда гана белгиленет. |

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүрөттөлүшу |
|---|---|---|---|
| 5 | • Окутуунун максаттарына жараша класста иштөөнү уюштуруунун жекече, топто жана жалпы класс менен бирге иштөө формаларын колдонуу.<br>• Окуучуларды топтоштуруу үчүн ар кандай техникаларды жана ыкмаларды колдонуу.<br>• Класстагы карым-катышты жана бирге иштөөнү уюштуруу | 5. Окуучулар эмне кылып жатышат? (***Бардык туура келген варианттарды белгилеңиз)***<br><br>5.1) Жалпы класс менен иштеп жатышат | **5.1) Жалпы класс менен иштөө** — сабактагы ишмердикти уюштуруунун фронталдык формасы, мында мугалим бүткүл класс үчүн жалпы тапшырма берет жана бардык окуучулар менен бир учурда иштейт: натыйжаларга жалпы талкуу, салыштыруу жана жалпылоо жүргүзөт |
| | | 5.2) Чакан топтордо иштеп жатышат | **5.2) Чакан топтордо иштөө** — активдүү окутуунун формасы. Анын маңызы мугалим берген тапшырма чакан топтордо, топтун мүчөлөрүнүн ортосунда милдеттерди бөлүштүрүү менен аткарылышында турат. Натыйжада, коюлган максатка ар бир окуучунун жекече салымы аркылуу жетишилет.<br><br>Топтордун ишин уюштуруу үчүн так нускамалар жана реалисттик күтүүлөр иштелип чыгууга тийиш. Окуучуларда (1) аларды топторго бириктирүү үчүн кандай принциптер колдонулганы жөнүндө, (2) топто кандай иштөө керектиги жөнүндө, (3) өзүн кандай алып жүрүү керектиги жөнүндө так түшүнүк болууга тийиш.<br><br>Топтор мугалим тарабынан түзүлүшү же окуучулар өз алдынча топторго биригиши мүмкүн. Бардыгы окутуунун максаттарына жана милдеттерине; окуучулардын теманы өз алдынча үйрөнүүгө же тапшырма аткарууга даярдыгына жана тажрыйбасына; чакан топторду түзүүдө эске алынууга тийиш болгон окуучулардын темага кызыгуусуна, жактырууларына, алардын шыгына жана жөндөмүнө, алардын курчап турган жана коомдук чөйрөгө сезгичтигине жараша болот (1-модуль. «Дифференциацияланган окутууну башталгыч мектепте колдонуу»*)*. |

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүреттөлүшү |
|---|---|---|---|
| | | | Иштин топтук формасы окутуу үчүн гана эмес, окуучуларды тарбиялоо үчүн да натыйжалуу. Чакан топко бириккен окуучулар чогуу иштөөгө көнүшөт, тил табышууга жана баарлашуунун кыйынчылыктарын жеңүүгө үйрөнүшөт. Жакшыраак даярдыгы бар окуучулар теманы өздөштүрүүдө кыйналган классташтары үчүн жоопкерчиликти сезе башташат, ал эми начар өздөштүргөн окуучулар, өз кезегинде, топто өзүн жакшы жагынан көрсөтүүгө аракет кылышат. |
| | | 5.3) Жуптарда иштеп жатышат | **5.3) Жуптарда иштөө** — ишмердикти уюштуруунун топтук формасынын бир түрү, мында эки окуучу жалпы тапшырманы кызматташтыкта аткарышат. Жуптагы окуучулар бири-бирине жардам бере алат, бири-бирин текшере алат, материалды кайталап же жаңы материалды бекемдей алышат. Жуптарда иштөө инсан аралык ишкерлик мамилелерди калыптандырууга багытталган. |
| | | 5.4) Жекече иштеп жатышат | **5.4) Жекече иштөө**. Ишмердикти уюштуруунун бул формасында мугалим окуучулар менен жекече иштейт же окуучулар өз алдынча иштешет (мисалы, карточкалар менен).<br><br>Жекече иште сабактын ар түрдүү этаптарында жүргүзүүгө болот. Мисалы, ар кыл дидактикалык маселелерди чечүүдө: жаңы билимдерди өздөштүрүү жана аларды бекемдөө үчүн билгичтиктерди жана көндүмдөрдү калыптандыруу жана бекемдөө үчүн, өтүлгөн материалды жалпылоо жана кайталоо үчүн. |

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүрөттөлүшү |
|---|---|---|---|
| | | *Эгер сиз «чакан топтордо иштеп жатышат» деген вариантты белгилеген болсоңуз, анда 5.А) жана 5.Б) суроолоруна жооп бериңиз.*<br><br>5.А) Топтук ишти же жуптардагы ишти уюштурууда мугалим<br><br>… ролдорду жана милдеттерди окуучуларга бөлүштүрөбү? | **Топтук ишти уюштурууда …**<br>А) … **Топтук / жуптук иште окуучулардын ортосундагы милдеттер жана ролдор бөлүштүрүлөт**<br>Топто/жупта иштөөдө мугалим же окуучулар ролдорду / милдеттерди окуучулардын тигил же бул тапшырманы аткарууга даярдыгына жараша, ошондой эле алардын каалоосун эсепке алып бөлүштүрүшөт. Кийинки сабактарда ар бир бала тигил же бул ролдо өзүн сынап көрө алат.<br><br>***Мисал***<br>**Топтун мүчөлөрүнүн ролдук функциялары**<br>1. Уюштуруучу. Топтун жалпы иши үчүн жооп берет.<br>2. Катчы. Айтылган идеяларды жана чечимдерди жазып турат.<br>3. Көзөмөлдөөчү. Суроолорду баары түшүнгөнүн, кабыл алганын текшерет.<br>4. Идеяларды жаратуучу. Топтун мүчөлөрүнүн идеяларын жана сунуштарын жалпылайт.<br>5. Ойчул. Идеяларды берет жана сунуштарды киргизет.<br>6. Баяндамачы. Топтун иштеп чыккандарын класска түшүндүрөт.<br><br>**МААНИЛҮҮ!**<br>Мугалим бир тапшырма бериши мүмкүн, мисалы: Баатыр Манаска карата өз мамилеңерди билдиргиле. Бул тапшырманы ар кандай ыкмалар менен аткарууга болот. Окуучулардын бир тобу өз мамилесин текстке карата түзүлгөн иллюстрация менен бере алат, башка топ – синквейн түзөт жана аны өзгөчө ыкма (балким МКТ (маалыматтык-коммуникациялык технологияларды) колдонуу) менен тариздейт, үчүнчү топ эстеликтин же айкелдин долбоорун ойлоп чыгат, төртүнчү топ – баатырга ылайыктуу музыканы тандайт, бешинчиси – интернеттен Манаска арналган эстеликтерди иликтеп чыгып, баяндама даярдайт… Натыйжада ар бир топко өз ишин көрсөтүү гана кызык болбостон, бөлөк топтордун ишинин натыйжаларын көрүү, угуу да кызык болот. |

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүреттөлүшү |
|---|---|---|---|
| | | … окуучуларды топтоштуруу үчүн ар түрдүү ыкмаларды колдонобу? | **… топтоштуруу үчүн ар түрдүү ыкмалар колдонулат**<br><br>Мугалим окуучуларды топтоштуруунун түрдүү жолдорун колдонот: чүчүкулак; жакын (бир катарда, класстын бир капталында) отургандарды бир топко бириктирүү; импровизацияланган оюндун жардамы менен (бир окуучунун көзү таңылат, ал окуучу мугалим колу менен көрсөткөн баланын кайсы топко кошуларын (топтун номерин) айтат); окуучулардын туулган күнү боюнча, жыл мезгилдери боюнча ж.б.<br><br>Топтоштуруунун ар кыл ыкмаларын колдонуу жакын отургандардын гана эмес, ар кайсы окуучулардын кызматташуусуна жана мамиле түзүүсүнө мүмкүндүк берет. Ошондой эле топтоштурууну калыптандыруучу баалоонун, байкоонун натыйжаларын эсепке алуу үчүн жана жардамга муктаж окуучуларга жардам берүү үчүн колдонуу керек. Мисалы, тапшырманы түшүнгөн окуучуларды түшүнө албай жаткан окуучулар менен чогуу бир топко кошуп, тапшырманы алгач топ ичинде талкуулоону, андан кийин гана аткарууну өтүнүүгө болот. |
| | | … дайыма бир эле курамда чогуу иштөөнү тапшырабы? | **… дайыма бир эле курамда чогуу иштөө тапшырылат**<br><br>Мугалим сабактын башында чакан топторду / жуптарды түзөт жана бүткүл сабак боюнча ошолор менен иштейт, б.а. окутуу үчүн кайра топтоштурууну колдонгон эмес. |

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүрөттөлүшү |
|---|---|---|---|
| | | 5.Б) Ишти уюштуруунун тандап алынган формасы сабактын алдына коюлган максаттарга (милдеттерге) ылайык келеби?<br><br>***(Ооба / Жок)*** | **МААНИЛҮҮ!**<br><br>Мугалим класстагы ишти уюштуруунун тигил же бул формасын кандай максат менен тандап алганын жана бул форма окуучулардын сабактын максатына жетишине канчалык жардам бере аларын так билүүгө тийиш. |
| 6 | Окууга жана жазууга үйрөтүү | 6. Мугалим сабак учурунда камтыган түшүнүктөр/ көндүмдөр ...<br><br>***(Бардык туура келген варианттарды белгилеңиз.)***<br><br>6.1) … тыбыштык (фонематикалык) кабыл алуу | **6.1) Тыбыштык (фонематикалык) кабыл алууга үйрөтүү**<br><br>Бул бөлүктө сиз мугалим сабак учурунда окуучуларда кандай көндүмдү өнүктүрөрүн көрө аласыз.<br><br>***Мисал***<br><br>**Предмет:** Адабий окуу<br><br>**Класс:** 1<br><br>Мугалим окуучулардын фонематикалык кабыл алуусун өнүктүрүү үчүн окуучуларга сөздөгү белгилүү бир тыбыштарды табууга, мугалим ырааты менен айткан тыбыштарды угуп, андан кийин аларды бир сөзгө бириктирүүгө көнүктүргөн тапшырмаларды берет.<br><br>«Сөздөгү кайсы тыбыш жоголуп кетти?», «Башаламандык», «Сөздү тап» ж.б. сыяктуу көнүгүүлөрдү колдонууга болот. (Караңыз: 1-модуль. «Фонематикалык кабыл алуу») |

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүрөттөлүшү |
|---|---|---|---|
| | | 6.2)… тамгаларды билүү | **6.2) Тамгаларды билүү**<br><br>Тамгаларды билүүгө үйрөтүүдө окуучулар алфавиттеги тамгаларды, тыбыш менен тамганын катышын окушат, тамгалардын айкаштарын жана алардын графикалык сүрөттөлүшүн өздөштүрүшөт, сөздөгү муундарды бөлүп алышат, тыбыштарды жана тамгаларды муунга, анан муундарды сөзгө бириктиришет, бир-эки жана андан көп муундардан турган сөздөрдү түзүшөт ж.б.<br><br>Мугалим «Катылган тамгалар», «Тамганы тап», «Гезит», «Сыйкырдуу тамгалар» сыяктуу көнүгүүлөрдү колдонот. (Караңыз: 2-модуль. «Алфавит менен таанышуу») |
| | | 6.3)… сөз байлыгын өрчүтүү | **6.3) Сөз байлыгын өрчүтүү**<br><br>Окуучулардын сөз байлыгын өстүргөн сабакта мугалимдин жаңы сөздөр менен кантип иштеп жатканын байкоого болот. Аңгеме окуп жатканда окуучулардын көңүлүн жаңы сөздөргө буруп, алардын маанисин сүрөттөр, макеттер, слайддар ж.б. аркылуу түшүндүрүп берет, жаңы сөздөр менен сүйлөм түзөт, ошондой эле «Сүрөттөрдү тааныш сөздөр менен байланыштыр», «Синонимдер», «Сөздөр дубалы» ж.б. сөз байлыгын өстүрүүчү көнүгүүлөрдү колдонот (Караңыз: 3-модуль. «Сөз байлыгы») |
| | | 6.4) … шар окуу | **6.4) Шар окуу**<br><br>Шар окууга үйрөтүүдө мугалим окуунун тууралыгына, ылдамдыгына жана көркөмдүгүнө көңүл бурат.<br><br>Сабакта мугалим окуучулардын жаш курагына, классына (1-4-класс) ылайык келген окуу үчүн тексттерди, сөздөрүнүн |

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүрөттөлүшү |
|---|---|---|---|
| | | | көпчүлүгү белгилүү болгон же оңой чечмеленген (таанылган, билинген) тексттерди сунуш кылат. Башкача айтканда, окуучуларга окуу үчүн сунушталган текст окуучулардын окуу көндүмдөрүнүн өнүгүү деңгээлине туура келет.<br><br>Мугалим сабакта «Жаңырык», «Көп жолу кайталап окуу», «Чекит, чекит, үтүр…» ж.б. сыяктуу көнүгүүлөрдү колдонот (Караңыз: 4-модуль. «Шар окуу») |
| | | 6.5) … окуганын түшүнүү | **6.5) Окуганын түшүнүү**<br>Эгер сабак окуучулардын окуганын түшүнүүсүн өнүктүрүүгө багытталган болсо, анда мугалим «Окуганга чейин-Окуу учурунда-Окугандан кийин» техникасын колдонот. Окуучуларга ар кандай суроолор берилет, алар окуяны, анын ичинде түйүндүү нерселерин кайра айтып беришет жана окуянын негизги оюн жана анда катылган моралды түшүнгөнүн көрсөтүшөт, баяндын окуяларын жана каармандардын тажрыйбасын салыштырышат жана каршы коюшат. Ошондой эле мугалим «Чыгарманын картасы», «Сюжеттик линия», «Стикер аңгеме», «Жогортон карoo деңгелөгү» ж.б. графикалык уюштургучтарды колдонот (Караңыз: 5-модуль. «Окуганын түшүнүү», өнүккөн окуу боюнча 1-5-модулдар. USAIDдин «Окуу керемет!» долбоору) |
| | | 6.6) … грамматика | **6.6) Грамматика** Мугалим кепти сүйлөмдөргө, сөздөргө, тыбыштарга бөлүүнү, сүйлөмдөн анын мүчөлөрүн, сөздөн анын курамдык бөлүктөрүн бөлүүнү; сөздөрдү сөз түркүмдөрү боюнча топтоштурууну, сөздөрдүн негизги формаларын аныктоону жана өз ойлорун чагылдырып, сүйлөмдөрдү курууну окуучуларга үйрөтөт. |

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүрөттөлүшү |
|---|---|---|---|
| | | 6.7) … тексттин түрлөрү, жанрлары жана стилдери | **6.7) Тексттин түрлөрү, жанрлары жана стилдери**<br><br>Текст — кептик ишмердиктин аяккы өнүмү. Текст сүйлөмдөрдөн турат, сүйлөмдөргө бөлүнөт. Тексттеги бардык сүйлөмдөр маанилери боюнча өз ара байланышып, жалпы тема жана негизги ой аркылуу биригип турат. Тексттеги бардык сүйлөмдөр белгилүү бир тартипте жайгашат.<br><br>Тексттер а) кептин түрү (ойду берүүнүн ыкмасы) боюнча, б) кептин стили (тилдик каражаттар) боюнча жана в) жанрлар боюнча бөлүштүрүлөт.<br><br>Кептин максатына жана мазмунуна жараша тексттин төмөнкү типтерин ажыратышат: баяндоо, сүрөттөө жана ой жүгүртүү.<br><br>**Баяндоо** — кандайдыр-бир окуяларды алардын мезгилдик ырааттуулугу боюнча айтып берүү, бири-бирин ырааттуу алмаштырган аракеттер же окуялар жөнүндө кабарлоо үчүн колдонулган кептин тиби. Баяндоо динамикалуу мүнөзгө ээ: текстте башкы жана экинчи даражадагы каармандар бар, окуялардын орду жана мезгили аныкталган, сюжеттик линия байкалат, маанилүү окуянын башталышы жана аягы бар.<br><br>**Сүрөттөө** — дүйнөнүн кандайдыр-бир кубулушун анын туруктуу же бир учурда болуучу белгилерин же аракеттерин тизмектөө аркылуу чагылдыруу үчүн колдонулган кептин тиби. *Сүрөттөөнүн максаты – окурманга ал оңой эле түстүү кылып элестете ала тургандай элести берүү*. Сүрөттөө тексти төмөнкү бөлүктөрдөн турат: *заттын жалпы мүнөздөмөсү, жалпы таасир; белгилери, бөлүктөрү; заттын жалпы бааланышы.* |

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүрөттөлүшү |
|---|---|---|---|
| | | | **Ой жүгүртүү —** кандайдыр-бир жобону, ойду далилдөө же түшүндүрүү, окуялардын жана кубулуштардын себептери жана натыйжалары, баалоо жана сезимдер жөнүндө айтып берүү үчүн колдонулган кептин тиби.<br>Ой жүгүртүүнүн максаты – ынандыруу, түшүндүрүү, далилдөө. Ой жүгүртүү төмөнкү бөлүктөрдөн турат: ырастоо (тезис) – далилдөөнү талап кылган ой; тезисти негиздөө – аны тастыктаган далилдөөчү мисалдары менен аргументация; резюме – жыйынтык, корутунду.<br>**Кептин стилдери** — коомдук турмуштун тигил же бул чөйрөсүндө: көркөм адабиятта, күнүмдүк баарлашууда, расмий-ишкерлик мамилелерде, массалык маалымат каражаттарында жана илим чөйрөсүндө колдонулган кептин түрлөрү.<br>Кептин беш негизги түрү бөлүнөт: көркөм, илимий, публицистикалык, расмий-ишкерлик, сүйлөшүү стили.<br>**Адабий жанрлар** төмөнкүлөр: аңгеме, ыр, поэма, баллада, тамсил, жомок, фэнтези, комикс, фантастика, эссе, детектив, микропроза, өзгөчө түрү — пьеса ж.б. |
| | | 6.8) … чыгармачыл жазуу | **6.8) Чыгармачыл жазууга үйрөтүү**<br>Башталгыч класстагы окутуунун негизги милдеттеринин бири болуп окуучуларда өз ойлорун жазуу түрүндө байланыштуу чечмелөө билгичтиктерин жана көндүмдөрүн калыптандыруу эсептелет. Бул милдет маалыматты кабыл алуу, анын мазмунун айтып берүү же түшүндүрүү жана өз пикирин калыптандыруу билгичтигин өнүктүрүү аркылуу жетишилет (4-модуль. “Чыгармачыл жазууга үйрөтүү”) |

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүрөттөлүшү |
|---|---|---|---|
| | | | Чыгармачыл жазуу процесси үч этаптан: даярдоо, негизги жана жыйынтыктоочу этаптардан турат. Алгач окуучулар өз ишинин темасын жана башкы идеясын тандашат, түзүлө турган кептин түрүн, стилин жана жанрын аныкташат. Теманы ачып берүү үчүн окуучулар ылайыктуу материал табышы, сөздөрдү жана сүрөттөө-көркөм каражаттарды тандашы жана жазуу ишинин планын түзүшү керек. Даярдоо этабынан кийин иштелип чыккан планга таянып, окуучулар тексттин кол жазма вариантын жазууга киришет. Кол жазма вариант баалап көрүү үчүн мугалимге же классташтарына берилет, анын натыйжасы менен окуучу-авторлор өз ишин редакциялоого, өзгөртүүгө же толуктоого жана каталарын оңдоого киришет. Жазуу ишинин жыйынтыкталган версиясын окуучулар өз классташтарына окуп бериши, окуучулардын иштеринин жалпы жыйнагына киргизиши, авторлор дубалын түзүү үчүн колдонушу, өзүнүн интернеттеги баракчасына, мектептин сайтына жарыялашы ж.б. түрдө колдонушу мүмкүн.<br><br>Мугалим чыгармачыл жазуунун ар кыл түрлөрүн жана формаларын, мисалы, сүрөттөрдү чечмелөө, синквейн, «пирамидалык тарых» түзүү, гезиттик макала, кабар жазуу, графикалык уюштургуч түзүү жана жалпылоо-текст жазууну колдоно алат.<br><br>Сабакта мугалим чыгармачыл жазуунун RACE, «Окуган чыгармага жазуу түрүндөгү пикир», «Макта, сура, оңдо», РАФТ ж.б. стратегияларын колдонот. |

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүрөттөлүшү |
|---|---|---|---|
| | | 6.9) … күн сайын жазуу | **6.9) Күн сайын жазуу**<br><br>Адабий окуу сабактарына жазуу тапшырмаларын күн сайын, тутумдуу түрдө киргизүү башталгыч класстардын окуучуларына жаңы маалыматты жакшыраак өздөштүрүүгө, аңдап түшүнүүгө жана талдоого, эстутумду, кабыл алууну жана логикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө, түшүнүктөрдү жана турмуштук маселелерди чечүү билгичтиктерин калыптандырууга, элестетүүсүн, фантазиясын, чыгармачылыгын иштетүүгө, сөз байлыгын кеңейтүүгө, укканын же окуганын түшүнүүнү жакшыртууга мүмкүндүк берет.<br><br>Башталгыч класстагы адабий окуу сабактарында күнүмдүк жазуу ар түрдүү окуу максаттарына жетүү үчүн; окуучулардын баштапкы билимдерин жана мурдагы өздүк тажрыйбасын актуалдаштыруу үчүн, ой жүгүртүү процессин түзүмдөштүрүү үчүн, окулуп жаткан предметтерди түшүнүүсүн тереңдетүү үчүн, калыптанган билимдерин жана ээ болгон көндүмдөрүн көрсөтүү үчүн колдонулушу мүмкүн.<br><br>Мугалим жазуу түрүндөгү машыгуу, жазуу түрүндөгү жооп, окурмандык күндөлүктө жазууларды жүргүзүү жана башка жазуу түрүндөгү кошумча тапшырмаларды колдонот. |
| 7 | | 7.1 Мугалим текстти окуу процессин кандай формада уюштурат?<br><br>***(Туура келген бардык варианттарды белгилеңиз)***<br><br>7.1.1) Үлгүлүү окуу | **7.1.1) Үлгүлүү окуу** — окуунун бир формасы, мында мугалим текстти окуунун көркөмдүгүнө, эмоционалдуулугуна өзгөчө көңүл буруп окуп берет. Окуу айрым сөздөрдү жана жалпы текстти түшүнүү, божомолдоо, тексттин бөлүктөрүнүн ортосундагы байланыштарды аныктоо боюнча суроолорду окуучуларга берүү менен коштолушу мүмкүн.<br><br>Окуучулардын ролу активдүү угууну жана текстти кайра окуп чыгууну, талкуугa катышууну, визуалдаштырууну, божомолдоону камтыйт. |


| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүрөттөлүшү |
|---|---|---|---|
| | | 7.1.2) Биргелешип окуу | **7.1.2) Биргелешип окуу** учурунда мугалим жана окуучулар, декоддоштуруу стратегияларын колдонуп, тексттин үстүндө бирге иштешет, окуганын жакшыраак түшүнүү үчүн сөздөрдүн маанилерин такташат.<br>Мугалим окуучуларды «жетелеп», текстти окууга тарткан сыяктуу болот да, текст менен таанышкан сайын окуучулар өздөрүнүн окууга катышуусун активдештиришет. |
| | | 7.1.3) Башкарып окуу | **7.1.3) Башкарып окуу** текст кандай окулушу керектигин жана окуунун ар кыл стратегиялары кандай колдонулушу керектигин талкуулоо менен окуучуларды түшүнүп окууга түртөт.<br>Окуунун бул формасында мугалим окуучулардын текстти өздөрү окушуна мүмкүндүк берет, бирок зарыл учурда аларга колдоо / жардам көрсөтөт. |
| | | 7.1.4) Өз алдынча окуу | **7.1.4) Өз алдынча** окуу учурунда өздөштүргөн окуунун стратегияларын пайдаланып окуучулар текстти өз алдынча окушат.<br><br><br>*3-сүрөт. Окуу формалары* |

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүрөттөлүшү |
|---|---|---|---|
| | | 7.2 Окуучулар кандай тексттерди окушат?<br>***(Туура келген бардык варианттарды белгилеңиз.)***<br><br>7.2.1) Окуу китебиндеги тексттерди | **7.2.1) Окуу китебиндеги тексттерин окуу**<br>Заманбап изилдөөлөрдө окуучуларды башталгыч мектепте окутуу процессинде «окуганды үйрөтүүнү» да, «үйрөнүү үчүн окууну» да бир мезгилде колдонуу зарыл деп ырасталат. Бул балдарды окууга үйрөтүп гана тим болбостон, ар түрдүү балдар китептерин ар кыл мектептик предметтерди өздөштүрүү үчүн колдонуу зарыл дегенди билдирет.<br>Адабий окуу сабактарында ар түрдүү окуу үчүн материалдарды, анын ичинде аңгемелерди, жомокторду, тамсилдерди, мифтерди жана уламыштарды, ырларды, ошондой эле илимий-популярдуу адабиятты колдонуу сунушталат.<br>Ыр түрүндөгү чыгармалар өзгөчө ыңгайлуу, анткени алар кыска, уйкаштыкка, ыргакка, көркөмдүккө ээ, окууга жеңил, эреже катары, балдар оңой кабыл ала тургандай формада жазылган. |
| | | 7.2.2) Классификацияланган китептердин тексттерин | **7.2.2) Классификацияланган китептердин тексттерин окушат**<br><br>**Классификацияланган китептер** – татаалдыктын деңгээли боюнча – белгилүү бир критерийлерге карата жөнөкөйдөн татаалга карай маркаланган китептер. |




*4-сүрөт. Классификацияланган китептин бетинин мисалы.*

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүрөттөлүшү |
|---|---|---|---|
| | | 7.2.3) Журналдарды жана бөлөк басма сөз басылмаларын окушат | **7.2.3) Журналдарды жана бөлөк басма сөз басылмаларын окуу**<br>Мугалим журналдарды жана басма сөз басылмаларын тексттердин типтери менен тааныштырууда, ошондой эле илимий-таанып билүүчүлүк тексттерди окуу үчүн колдоно алат. |
| | | 7.2.4) Китепкананын / окурмандык бурчтун китептерин окушат | **7.2.4) Китепкананын / окурмандык бурчтун китептерин окуу**<br>Кошумча окуу үчүн мугалим китепкананын китептерин же класста түзүлгөн окурмандык бурчтун китептерин колдоно алат. Окурмандык бурчтарды окуучулар өздөрү түзүшөт, алар үйдөн китептерин алып келип, өз классташтары менен бөлүшө алышат. |
| | | 7.2.5) Окуучулар өздөрү түзгөн тексттерди окушат | **7.2.5) Окуучулар өздөрү түзгөн тексттерди окуу**<br>Окуучулар адабий окуу боюнча үй тапшырмаларынын алкагында бөбөк-китепчелерди, жазуу иштерин, кабарларды түзүп, аларды жалпы класска тааныштырып, окуп бере алышат. |
| | | 7.2.6) Электрондук китептерди окушат | **7.2.6) Электрондук китептерди окуу**<br>Сабак учурунда мугалим ар түрдүү булактардан алынган электрондук китептерди колдонот. |

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүрөттөлүшү |
|---|---|---|---|
| | | | ***Мисал***<br><br>«Окуу керемет!» долбоорунун веб-сайты // URL: https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet<br><br><br><br>*Рисунок 6. Страницы веб-сайта «Окуу керемет!»*<br><br>Электрондук китептер окуучуларды окууга кызыктырат жана шыктандырат. Адабий окуу сабагы учурунда электрондук китептерди колдонуу окуучуларга өтүлүп жаткан материалды жакшыраак түшүнүүгө, жаңы маалыматты өзүнүн өмүрлүк тажрыйбасы менен байланыштырууга, китепте баяндалып жаткан жагдайларга (орунга, мезгилге, шарттарга) максималдуу жакындашууга мүмкүндүк берет. Электрондук китептерди колдонуу окуучуларды кызыктырууга жана алардын окурмандык тажрыйбасын байытууга көмөктөшөт. |

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүрөттөлүшү |
|---|---|---|---|
| 8 | • Окуганын түшүнүүнү жакшыртуучу стратегия-ларды колдо-нуу.<br>• Окуучу-лардын сынчыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү-гө өбөлгө түзүүчү суро-олордун ар кыл түрлөрүн жана дең-гээлдерин колдонуу.<br>• Окуучуларга суроолорду берүүгө жана корутунду чыгарууга, окуу процес-син жана на-тыйжаларын сүрөттөөгө мүмкүндүк берүү | 8.1 Мугалим окуучулардын окуганын түшүнүү көндүмдөрүн өнүктүрүүнүн кайсы стратегияларын сабакта колдонот?<br>*(Туура келген варианттардын бардыгын белгилеңиз)*<br>8.1.1) «Интерактивдүү окуу», «Сократтын семинары», RACE ж.б. стратегиялардагы суроолор | **8.1.1) Суроолор**<br>**Интерактивдүү окуу** мугалимдин жалпы класска окуп берүү процессине жана китепте айтылып жаткандарды талкуулоого окуучуларды тартууга багытталган. Талкуу китепти окуп жатканда мугалимдин окуучуларга берген суроолорунун жардамы менен жүргүзүлөт. Бул суроолор түзүмдөлгөн жана так ырааттуулукка ээ.<br>**Байыркы грек философунун методунун урматына аталган «Сократтын семинары» стратегиясы** окуучулардын өтүлүп жаткан теманы тереңирээк түшүнүүсү максатында сабакта окуган чыгарма боюнча түзүмдөлгөн талкуу уюштурууга мүмкүндүк берет. Талкуу суроолорду берүүгө жана аларга жооп издөөгө негизделет, анын жүрүшүндө окуучулар бул тема боюнча эмнелерди билишери, кайсыларды али билбегендиги аныкталат. Бул стратегияны колдонуу учурунда окуучулар эки алкакты: ички алкакты жана сырткы алкакты, талкуучулар алкагын жана байкоочулар алкагын түзүшөт, алар талкуунун биринчи айлампасынан кийин роль алмашышат.<br>**RACE стратегиясы** окулган үзүндүнүн же жалпы китептин негизинде, берилген алгоритм (суроону ырастоо кылып кайра туюнтуу, суроого жооп, аны түшүндүрүү жана өз пикирин сунуштоо) боюнча чакан аңгеме түзүүгө багытталган. Бул стратегияны биринчи класста, окуучулар 3-5 сүйлөмдүк тексттерди түзө алган учурда колдонуу ыңгайлуу. |
| | | 8.1.2) Божомолдоо | **8.1.2) Божомолдоо**<br>«Окуганга чейин-окуу учурунда-окугандан кийин» (5-модуль. «Окуганын түшүнүү», 7-39-беттер, 1-модуль. «Башталгыч мектепте дифференциацияланган окутууну колдонуу») |

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүрөттөлүшү |
|---|---|---|---|
| | | 8.1.3) Кайра айтып берүү | **8.1.3) Кайра айтып берүү**<br><br>«Кайра айтып берүү» (5-модуль. «Окуганын түшүнүү», 27-бет) |
| | | 8.1.4) «Адабий ийримдер», РАФТ, ЗХУ ж.б. стратегияларды колдонуп талкуу жүргүзүү | **8.1.4) «Адабий ийримдер», РАФТ, Билем-Билдим-Билгим келет ж.б. стратегияларды колдонуп талкуу жүргүзүү**<br><br>**«Адабий ийримдер» стратегиясы** чакан топтогу талкуу түрүндө ишке ашат, мында ар бир катышуучу белгилүү бир ролду ойнойт, бул окуучуларга бир учурда ар түрдүү ыкмаларды: визуалдаштырууну, жалпылоону, салыштырууну, окуганын өмүрлүк тажрыйба менен байланыштырууну, сөз байлыгын кеңейтүүнү ж.б. колдонуп, окуганын түшүнүүгө мүмкүндүк берет.<br><br>**РАФТ стратегиясы** өтүлүп жаткан теманы же окулган китепти ар кандай жактардан кароого мүмкүндүк берет. Бул стратегия өздүк адабий чыгарма жаратууда колдонулушу мүмкүн.<br><br>**Билем - билдим - билгим келет** (5-модуль. «Окуганын түшүнүү», 65-бет) |
| | | 8.1.5) Концептуалдык карта/ менталдык карта ж.б. | **8.1.5) Менталдык карта (интеллект-карта, эстутум картасы, ойлордун картасы, акыл картасы)**<br><br>Окуучулардын айтып бергиси же жазгысы келген нерсесинин бүтүндүктүү картинасын алууга, ошол эле учурда карым-катыштарды жана деталдарды аныктоого мүмкүндүк берет. Менталдык карта түзүү учурунда идея так жана түшүнүктүү болуп калат, тексттин болочок бөлүктөрүнүн ортосундагы байланыштар жакшы ачылат. |

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүрөттөлүшү |
|---|---|---|---|
| | | 8.1.6) Тексттеги окуялардын жана идеялардын ырааттуулугу («Чыгарманын картасы», «Сюжеттик линия», «Окуянын картасы» ж.б.) | **8.1.6) Тексттеги окуялардын жана идеялардын ырааттуулугу**<br>**«Чыгарманын картасы»** (5-модуль. «Окуганын түшүнүү», 84-бет).<br>**«Сюжеттик линия»** (5-модуль. Окуганын түшүнүү, 85-бет).<br>**«Тарых картасы».** Текст түзүү үчүн текстте башталуу, чиеленүү, өнүгүү, кульминация, чечилүү жана аягы болууга тийиш деген талаптарга жооп берүү зарылдыгын камтыган тарых картасын колдонууга болот (4-модуль, 25-бет) |
| | | 8.1.7) Түйүндүү идеяларды жалпылоо (**синквейн ж.б**.) | **8.1.7) Түйүндүү идеяларды жалпылоо**<br>Синквейн (5-модуль. Окуганын түшүнүү, 30-бет) |
| | | 8.1.8) Ой толгоо (окуган чыгарма жөнүндө жазуу түрүндөгү пикир, «Менин күнүм», окурмандык күндөлүк ж.б.) | **8.1.8) Ой толгоо**<br>**«Окуган чыгармага жазуу түрүндөгү пикир» стратегиясы» окуучулардын китеп, анын каармандары, окуялары ж.б. жөнүндө пикирлерин аныктоого багытталган. Бул стратегиянын жардамы менен окуучулар фильмге, спектаклге, экскурсияга ж.б. карата өз пикирлерин жана мамилесин жазуу түрүндө чагылдыра алышат.<br>**«Менин күнүм» рефлексия-стратегиясы** окуу күнү аяктагандан кийин күндүн жыйынтыктарын чыгаруу үчүн колдонулат. Окуучулар окуу күнүнүн жүрүшүндө өздөштүргөн тажрыйбаларын жалпылашат, өз сезимдери жана туюмдары менен бөлүшөт, өз пикирлерин жазуу түрүндө чагылдырууга үйрөнүшөт.<br>**Окурмандын күндөлүгү.** Окуучулар текст менен таанышып, аны талкуулагандан кийин, окуган текстке карата өз мамилелерин чагылдыруу үчүн белгилүү бир формада окурмандын күндөлүгүн толтурушат. |

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүрөттөлүшү |
|---|---|---|---|
| | | 8.1.9) Башка стратегия<br>______________________. | **8.1.9) Башка стратегия**<br>Мугалим окуганын түшүнүүнүн бул формада көрсөтүлбөгөн стратегияларын колдонушу мүмкүн.<br>Байкоочу ал стратегияларды байкоо жүргүзүү формасына киргизүүгө тийиш. |
| | | 8.2 Окуучуларга суроо берүүдө мугалим кандай стратегияларды колдонот?<br>***(Туура келген варианттардын бардыгын белгилеңиз)*** | **Суроо берүү** — ар бир мугалимдин өз окуучулары менен күн сайын баарлашуусунун маанилүү бөлүгү. Ал билимдерди текшерүүнүн, ырааттуу окутууну уюштуруунун мыкты мүмкүнчүлүгү.<br>Туура коюлган суроолор окуучуларга бул көндүмдү андан ары колдонууга жардам берет, анткени суроолор активдүү изденүү механизмдерин «ишке киргизет», ой жүгүртүүнү жооп издөөгө багыттайт, таанып-билүүгө карата керектөөнү ойготот.<br>Суроону туура берүү билгичтиги – мектеп практикасында гана эмес, жашоодо да зарыл болгон сапат. Суроо бере билүү интеллектуалдык маселелерди чечүүдө жардам берет, адамдар ортосундагы өз ара түшүнүшүүнү жакшыртууга көмөктөшөт. |
| | | 8.2.1) Суроого текстте камтылган маалыматты колдонуп кантип жооп берүү керектигин мугалим өз мисалы менен көрсөттү | **8.2.1)** Суроого текстте камтылган маалыматты колдонуп кантип жооп берүү керектигин мугалим өз мисалы менен көрсөттү<br>***Мисал***<br>Текстти окуп чыккандан кийин мугалим кыска блиц-сурамжылоо өткөрөрүн, бирок суроолорго жооптор толук болушун күтөрүн айтат. Мугалим мисал келтирет: «Жакып эмне үчүн той өткөрүүнү чечти?» Жооп толук болууга тийиш жана төмөнкүдөй болот: «Жакып уулунун төрөлүшүнүн урматына той өткөрдү». Бул учурда мугалим окуучуларды ачык типтеги суроолорго толук жооп бергенди үйрөтүү максатын коёт. |

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүрөттөлүшү |
|---|---|---|---|
| | | 8.2.2) Мугалим фактологиялык суроолорду берет | **8.2.2) Мугалим фактологиялык суроолорду берет**<br><br>Мугалим фактыларды билүүнү текшерүүгө багытталган жабык суроолорду көп берүүдө.<br><br>***Мисалдар***<br>– Манастын согуштук аты эмне деп аталган?<br>– Манастын ысымынын ар бир тамгасы эмнени билдирет?<br><br>Мындай суроолор зарыл, алар окуучулардын материалды канчалык жакшы билишерин көрсөтөт. Бирок ошол эле учурда мындай суроолор окуучуларды ой толгоого мажбурлабайт, алар баланын эмнени эстеп калганын гана текшерет. |
| | | 8.2.3) Мугалим эмне үчүн? эмнеге? эгер… анда эмне болмок? сыяктуу ачык суроолорду берет | **8.2.3) Мугалим ачык суроолорду берет**<br><br>Ачык суроолор – кеңири жооптуу талап кылган суроолор. Алар жаңы билимдерди тактоо максатында берилет жана «эмнеге», «эгер… анда эмне болмок», «качан», «кандайча», «эмне үчүн», «кандай» ж.б. суроолуу ат атоочторду камтыйт.<br><br>Бул суроолордун жоопторун туюнтуу үчүн тексттеги маалымат гана эмес, окуучулардын өздүк билимдери жана тажрыйбасы талап кылынат (караңыз: «Келгиле, окуйбуз » долбоорунун «Окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү» нускамасы) |

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүрөттөлүшү |
|---|---|---|---|
| | | 8.2.4) Мугалим окуучулардан чыгарма кандай бүтөрүн божомолдоону өтүнөт | **8.2.4) Мугалим окуучулардан чыгарма кандай бүтөрүн божомолдоону өтүнөт**<br>Аңгеме окуп берип жатканда мугалим аңгеменин сюжетинин аягын божомолдоо үчүн суроолорду да бере алат.<br>***Мисалдар***<br>– Сенин оюңча, мындан ары эмне болот? Эмне үчүн?<br>– Сенин оюңча, башкы каарман бул түзүлгөн кырдаалда эмне кылат? |
| | | 8.2.5) Мугалим окуучулардан алардын пикири жөнүндө сурайт | **8.2.5) Мугалим окуучулардан алардын пикири жөнүндө сурап жатат.**<br>Сынчыл ой жүгүртүүнү жана ой толгоо көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн мугалим төмөнкүдөй суроолорду бере алат:<br>– Эмне үчүн, сенин оюңча, башкы каарман мындай кылды?<br>– Автор айтып бербей жаткан дагы эмнелер болушу мүмкүн?<br>– Башкы каармандын сезимдери кандай? Эмнеге сен мындай деп ойлойсуң? |

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүрөттөлүшү |
|---|---|---|---|
| **С. Баалоо** | | | |
| 9 | • Калыптандыруучу баалоону колдонуу.<br>• Окуучуларга өзүн-өзү баалоого жана класстагы ишти жана ишмердиктин натыйжаларын өз ара баалоого мүмкүндүк берүү | 9. Мугалим калыптандыруучу баалоонун кандай стратегияларын колдонууда?<br>*(**Туура келген варианттардын бардыгын белгилеңиз**)*<br>9.1) Мугалим калыптандыруучу баалоо жүргүзөт | **9.1) Мугалим калыптандыруучу баалоо жүргүзөт**<br>Мамлекеттик стандарт. 53-берене, 18-бет<br>«Калыптандыруучу баалоо окуучулардын материалды өздөштүрүүсүнүн жекече өзгөчөлүктөрүн (ишти аткаруунун темпи, теманы өздөштүрүүнүн ыкмалары ж.б.) эсепке алуу менен анын прогрессин аныктоо үчүн, ошондой эле ийгиликке жетүү үчүн сунуштарды иштеп чыгуу максатында колдонулат. Мугалим калыптандыруучу баалоону окутууну өз убагында коррекциялоо үчүн, пландоого өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн колдонот, ал эми окуучу – өзү аткарып жаткан иштин сапатын жогорулатуу үчүн колдонот. Окуучунун прогресси билим берүүчүлүк аймактардын алкагындагы окутуу максаттарында аныкталган белгилүү бир натыйжаларга окуучу аткарган конкреттүү иштин негизинде жетүү катары аныкталат.<br>Калыптандыруучу баалоо окуучулардын прогрессин байкап турууга жана окутуу процессине өзгөртүүлөрдү киргизүүгө мүмкүндүк берет (сабактардын пландары коррекцияланат).<br>Адабий окуу сабактарында мугалим «Кол менен берилүүчү сигналдар (кол сигналдары)», «Жолчырак», «Калыптандыруучу тест», «Муштум жана манжалар», «Хор менен жооп берүү», «Кар тогологу» ж.б. ар түрдүү ыкмаларды колдонот (караңыз: 7-модуль. «Калыптандыруучу баалоо»).<br>Окуучунун чыгып сүйлөгөн же презентация жасаган учурунда мугалим окуучунун материалды түшүнгөнүн кайталап текшерүү үчүн калыптандыруучу баалоону колдонушу керек. |

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүрөттөлүшү |
|---|---|---|---|
| | | | Бул максатта мугалим «Эмне үчүн?», «Кандайча?» ж.б. сыяктуу суроолорду колдоно алат. Бул суроолор окуучуларды өз жообун колдоочу аргументтерди тандоого мажбурлайт. Берилген суроолорго жооп берип жатып, окуучу кетирилген каталарын байкашы жана аларды оңдошу мүмкүн. |
| | | 9.2) Мугалим БаалооАппты (BaalooApp) колдонуп калыптандыруучу баалоо жүргүзөт | **9.2) Мугалим БаалооАппты колдонуп калыптандыруучу баалоо жүргүзөт**<br><br>Сабак учурунда мугалим телефонун же планшетин колдонуп айрым окуучулардын окуу жана түшүнүү көндүмдөрүнө баалоо жүргүзүү үчүн жаңы теманы түшүнүүдө айрым (мисалы, окуган тексттин айрым сөздөрүн түшүнүүдө же негизги ойду аныктоодо) кыйынчылыктарга дуушар болгон окуучулар арасында сурамжылоо жүргүзөт. Бул өз убагында жардам кылуу үчүн жасалат: түшүнүксүз сөздөрдүн маанисин түшүндүрүүнү мугалим башка окуучуларга сунуш кылышы же кыйналып жаткан окуучуларга өзү жардамга келиши мүмкүн.<br><br>Башка вариант да болушу мүмкүн. Тике байкоо жүргүзүп, кыйынчылык сезип жаткан 1-2 окуучудан мугалим БаалооАпптагы тесттен өтүү үчүн жана андан кийинки натыйжаларды талкуулап, классташтарынын же мугалимдин колдоосунун формасын же кошумча өз алдынча иштин планын иштеп чыгуу үчүн сабактан кийин калууну өтүнөт. |
| | | 9.3) Окуучулар өзүн-өзү баалашат | **9.3) Окуучулардын өзүн-өзү баалоосу**<br><br>Өзүн-өзү баалоо — өзүнүн күчтүү жана алсыз жактары, мүмкүнчүлүктөрү жана көйгөйлөрү жөнүндө маалыматтарды жыйноого жана анализдөөгө багытталган процесс. |

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүрөттөлүшү |
|---|---|---|---|
| | | | Окуучулар окутуу процессинде жетүүгө тийиш болгон максат бар учурда гана өз ишмердигинин натыйжаларын баалай алышат. Мисалы, сабак аяктаган учурда мугалим окуучулар тапшырма аткарууга киришкенге чейин каралып, окуучулар менен макулдашылган критерийлер боюнча өз иштерин баалоону өтүнөт. |
| | | 9.4) Окуучулар бири-бирин өз ара баалашат | **9.4) Окуучулар бири-бирин өз ара баалашат**<br>Классташтардын бири-биринин ишинин натыйжаларын баалашы калыптандыруучу баалоонун толук кандуу окутуу ыкмасы болуп саналат. Өз ара баалоо окуучуларга бирин-биринин иштерин баалоо аркылуу өтүлгөн материалды өздөштүрүүсүн бекемдөөгө мүмкүндүк берет.<br>Өз ара баалоонун артыкчылыгы - окуучулар классташтарынын иштерин текшерип, аларды баалоонун критерийлери менен салыштырып жатып, өздөрүнүн прогрессин да талдай алышарында турат.<br>Мисалы, топтук тапшырма аткарылгандан кийин мугалим окуучулар менен тапшырма аткарылганга чейин талкууланган баалоонун критерийлерин эске салат жана топтордон тапшырманын аткарылышын өз ара баалоону жана ар бир топ тапшырманы канчалык туура аткарганын аныктоону өтүнөт.<br>**МААНИЛҮҮ!**<br>Окуучулардын өздөрү эмес, алардын ишмердиги (кызматташуу, башкаларга жардам берүү, диалог жүргүзүү билгичтиги ж.б.) жана бул ишмердиктин натыйжалары (аткарылган тапшырмалар, оозеки жана жазуу жооптору ж.б.) гана бааланат! Бул жөнүндө окуучуларга айтуу, окууга жардам берүүчү баалоо маданиятына аларды үйрөтүү зарылы. |

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүрөттөлүшү |
|---|---|---|---|
| | | 9.5) Сабак учурунда калыптандыруучу баалоо жүргүзүлгөн жок | **9.5) Сабак учурунда калыптандыруучу баалоо жүргүзүлгөн жок**<br>Эгер жогоруда тизмектелген калыптандыруучу баалоонун элементтеринин / техникаларынын жана ыкмаларынын бири да сабакта колдонулбаса, мугалимге «Калыптандыруучу баалоо» 7-модулуна кайрылууну жана сунушталган ыкмаларды сабактарда колдоно баштоону сунуш кылуу керек. |
| 10 | • Баалоонун критерийлерин жана стандарттарын алдын ала түшүндүрүү жана талкуулоо | 10. Баалоонун критерийлери жөнүндө окуучулар кандайча билишет?<br>***(Туура келген варианттардын бардыгын белгилеңиз)***<br>10.1) Мугалим баалоонун критерийлерин окуучуларга алар тапшырма аткара баштай электе түшүндүрөт | **Баалоо критерийи** — бир нерсени баалоону, аныктоону же классификациялоону ишке ашыруу үчүн негиз болуучу белги, талкуунун предметинин так иштелип чыккан мүнөздөмөлөрү.<br>**10.1) Мугалим баалоонун критерийлерин окуучуларга алар тапшырма аткара баштай электе түшүндүрөт**<br>Мугалим баалоо критерийлерин окуучулар тапшырманы аткара баштай электе билдириши керек, себеби дал ушул баалоо критерийлери тигил же бул тапшырманы аткарууда окуучулар үчүн ориентир (багыт берүүчү) болуп кызмат кылат. Окуучулардын окуу жетишкендиктерин критерийлик баалоо ишти аткаруу процессин максаттуу жана аң-сезимдүү кылууга мүмкүндүк берет. |
| | | 10.2) Мугалим баалоонун критерийлерин окуучулар менен чогуу талкуулайт | **10.2) Мугалим менен окуучулар баалоо критерийлерин чогуу талкуулашат**<br>Баалоо критерийлерин окуучулар түшүнбөй калуусун болтурбоо үчүн аларга баалоо критерийлерин түшүндүрүү жана талкуулоого тийиш экенин мугалим эске тутуусу керек. Критерийлердин мазмуну түшүнүктүү жана жатык тилде чечмеленүүгө тийиш. Алар окуучуларга көрсөтмөлүү түрдө берилүүгө (доскага, плакатка ж.б. жазылууга) тийиш. |

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүрөттөлүшү |
|---|---|---|---|
| | | 10.3) Баалоо критерийлерин мугалим менен окуучулар бирге иштеп чыгышат | **10.3) Баалоо критерийлерин мугалим менен окуучулар бирге иштеп чыгышат**<br><br>Баалоо критерийлерин сабакта окуучуларга түшүндүрүп, аларды талкуулоо үчүн критерийлер мугалим тарабынан алдын ала даярдалган болууга тийиш.<br><br>Класста мугалим иштер баалана турган критерийлерди окуучулардын өздөрү сунуш кылууну өтүнүп, окуучулардын идеяларын багыттап, алардын туюнтмаларын ондоп турат.<br><br>Мисалы, текшерүү ишин аткаруунун алдында мугалим окуучуларды иштерди баалай турган критерийлерди топтордо же жуптарда талкуулоону өтүнөт. Айтылган критерийлердин жыйынтыгы боюнча мугалим окуучулар менен бирге артыкчылыктуу критерийлерди тандап алат. |
| | | 10.4) Мугалим баалоо критерийлерин окуучуларга түшүндүрбөйт | **10.4) Мугалим баалоо критерийлерин түшүндүрбөйт**<br><br>Сабактын башында же жүрүшүндө мугалим окуучулардын иштерин баалай турган критерийлерди билдирбейт. Баалоо процесси жабык, айкын эмес.<br><br>Баалоо критерийлери окуучуда өзүн-өзү баалоо жана өз ара баалоо көндүмдөрүн өнүктүрүүгө жардам берет. Окуучу өз ишин ар бири өз критерийине ээ болгон көптөгөн билгичтиктердин жыйындысы катары көрө алат. Демек, окуучу убакыттын өтүшү менен өзүнүн прогрессинин ар бир этабын байкап жана баалай алат. |

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүрөттөлүшү |
|---|---|---|---|
| | | 10.5) Окуучулар тапшырманы аткарып бүткөндөн кийин гана мугалим баалоо критерийлерин билдирет | **10.5) Окуучулар тапшырма аткарып бүткөндөн кийин гана мугалим баалоо критерийлерин билдирет**<br><br>Бул пункт эгер окуучулар тапшырма аткарууга киришип, аткарып бүткөндөн кийин гана мугалим баалоо критерийлерин билдирип, бири-биринин иштерин баалоону өтүнгөн учурда белгиленет.<br><br>Бул мамиле анча туура эмес, анткени окуучулар өз иштери баалана турган критерийлер менен мурдатан таанышкан болууга тийиш.<br><br>**МААНИЛҮҮ!**<br>Баалоо критерийлери окутуу максаттарына негизделген болууга тийиш жана сабактын жүрүшүндө мугалим, таанып-билүү процессин аң-сезимдүү жана максаттуу кылыш үчүн, баалоо критерийлерине окуучулардын көңүлүн бат-баттан буруп туруусу керек.<br><br>Баалоо критерийлери окуучуларга түшүнүктүү болуп, текшерүү ишин аткарууну баштоого чейин окуучуларга айтылып, талкууланууга тийиш. Баалоонун эң мыкты практикасы – критерийлерди окуучулар менен чогуу иштеп чыгуу.<br><br>Калыптандыруучу баалоодо 3төн көп эмес критерийлерди колдонуу зарыл. |
| 11 | • Кайтарым байланышты ар түрдүү ыкмалар менен берүү | 11. Мугалим кайтарым байланышты кандайча жана кимге берет? | **Кайтарым байланыш** — коюлган максатка жетүүгө алып бара турган конкреттүү аракеттер, кырдаалдар, маселелер жөнүндө билдирүүнү жана алынган пикирлерди камтыган процесс. Ал окутуу процесси кандай жүрүп жатканы жөнүндө түшүнүк берет, ар бир окуучунун жетишкендиктери жана мүчүлүштүктөрү жөнүндө маалымдайт. |

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүрөттөлүшү |
|---|---|---|---|
| | | 11.1) Жалпы класска берет | **11.1) Кайтарым байланыш жалпы класска (фронталдык түрдө) берилет**<br><br>Класстын ишмердигине, иштерди/тапшырмаларды аткаруусуна байкоо жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча жалпы пикирлер түрүндөгү кайтарым байланышты мугалим сабактын жүрүшүндө жалпы класска бере алат. |
| | | 11.2) Окуучулардын айрым бир тобуна берет | **11.2) Кайтарым байланыш окуучулардын айрым тобуна берилет.**<br><br>Мугалим кайтарым байланышты айрым топторго же жуптарга берет. Эгер мугалим бир топ / жуп айрым кыйынчылыктарга туш келгенин көрүп турса. аларга сүрөттөөчү кайтарым байланыш берет.<br><br>**Сүрөттөөчү кайтарым байланыш** — окуучуларга алардын ишинин сапатын жакшыртуу үчүн зарыл болгон көрсөтмөлөрдү сунуштарды, кеңештерди берүү. |
| | | 11.3) Окуучуларга жекече берет | **11.3) Кайтарым байланыш окуучуларга жекече берилет**<br><br>Мугалим тапшырманы аткара албай жаткан же туура эмес аткарып жаткан айрым окуучуларга кайтарым байланыш берет. Ал кемчиликтерди кандайча оңдоого болору жана жоопту кантип жакшыртууга болору жөнүндө кеңеш бере алат. Башка бир ыкма: мугалим эмне туура аткарылганын белгилеп, тапшырманы туура аткаруу боюнча сунуштарды берет. |

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүрөттөлүшү |
|---|---|---|---|
| | | 11.4) Шыктандыруучу оң кайтарым байланыш берет | **11.4) Шыктандыруучу оң кайтарым байланыш берилет**<br><br>Төмөнкү сөздөрдү жана ырастоолорду колдонуп, мугалим шыктандыруучу оң кайтарым байланыш берет:<br>– Тапшырма мыкты аткарылган!<br>– Азамат! Оюң туура.<br>– Мыкты көркөм окуу!<br>– Сенде баары жакшы болду (болот).<br>– Сен ишти сонун аткардың!<br>– Бүгүн сенде баары жакшы болуп жатат!<br>– Сонун! Сенин бүгүн канчалык жакшы даярданганыңды байкап турам!<br>– Азамат! Мен сенин аракетиңди көрүп турам. Сени менен сыймыктанам! |
| | | 11.5) Өз убагындагы кайтарым байланышты берет | **11.5) Кайтарым байланыш өз убагында берилет**<br><br>Өз убагындагы кайтарым байланыш мугалимге жана окуучуларга кемчиликтерди көрүүгө жана аларды эрте этаптарда оңдоого жардам берет, бул өз кезегинде алдыга жылууга алып келет. |
| | | 11.6) Кийинки кадамга нускамаларды берет (сүрөттөөчү кайтарым байланыш) | **11.6) Кийинки кадамга нускамалар берилет (сүрөттөөчү кайтарым байланыш)**<br><br>Мугалим баалоочу кайтарым байланыш («Эң сонун!», «Азамат!» же «Кел, кийинки сабакта мындан да жакшы окуйбуз!», «Мындан да жакшыраак даярдан!») менен эле чектелбестен, сүрөттөөчү кайтарым байланышты да берүүгө тийиш. |

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүрөттөлүшү |
|---|---|---|---|
| | | | ***Мисалдар***<br>– Текстти жакшы окудуң. Кийинки жолу сөздөрдүн аягын так окууга көңүл бур.<br>– Текстти кайра окуп чыгып, жаңы сөздөргө көңүлүңдү бур.<br>– Суроого жооп берип жатканда, башкы каармандын айтканын эсте, ал сага жоопту туура курууга жардам берет.<br>– Текстти дагы бир жолу окуп чыгып, «эмне үчүн» деген сөздөн башталган 3-4 суроо түз.<br>– Аңгемедеги окуялардын ырааттуулугун эсте, бул сага суроого жооп бергенге жардам берет |
| | | 11.7) Окуучуларга кайтарым байланыш берилбейт | **11.7) Окуучуларга кайтарым байланыш берилбейт**<br><br>Эгер сиз мугалимдин кайтарым байланыш бербегенин байкасаңыз, ал мугалимге усулдук отурумдарда кайтарым байланыштын ыкмаларын жана формаларын мугалимдер менен талкуулоону сунуш кылыңыз.<br><br>**МААНИЛҮҮ!**<br><br>Толугураак маалымат алуу үчүн төмөнкү адабияттарга кайрылууну сунуш кылабыз:<br>• Формативное оценивание: Руководство / сост. О. И. Дудкина, А. А. Буркитова, Р. Х. Шакиров. — Б.: «Билим», 2012. — 89 с.;<br>• 7-модуль. «Калыптандыруучу баалоо»;<br>• 8-модуль. «Кайтарым байланыш» |

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүреттөлүшү |
|---|---|---|---|
| 12 | • Окуучуларга окутуунун натыйжаларын ар түрдүү жолдор менен көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берүү | 12. Окуучулар өз көндүмдөрүн кандайча көрсөтүшөт?<br><br>12.1) Оозеки презентациялар аркылуу | **12.1) Окуучулар өз көндүмдөрүн оозеки презентациялар аркылуу көрсөтүшөт**<br><br>Оозеки презентация — сүрөттөр, көрсөтмө куралдар жана / же технологиялар менен коштолгон маалымат берүү методу. Маалымат топтук талкуунун натыйжасы боюнча кабарлоо түрүндө, талкуу учурунда чыгып сүйлөө түрүндө, класстагы жекече же топтук презентация түрүндө берилиши мүмкүн. |
| | | 12.2) Жазуу түрүндөгү тапшырмаларды аткаруу аркылуу | **12.2) Окуучулар өз көндүмдөрүн жазуу түрүндөгү тапшырмаларды аткаруу аркылуу көрсөтүшөт**<br><br>**Жазуу иштеринин түрлөрү**:<br>– диктанттар;<br>– көчүрүп жазуу;<br>– жат жазуу;<br>– дилбаян, эссе;<br>– план түзүү;<br>– кат жазуу;<br>– кабар даярдоо ж.б. |
| | | 12.3) Сүрөт же иллюстрация аркылуу | **12.3) Окуучулар өз көндүмдөрүн сүрөт же иллюстрация аркылуу көрсөтүшөт**<br><br>Окуганын түшүнүүсүн көрсөтүү үчүн окуучулар сюжетти сүрөттөр, текстке иллюстрациялар аркылуу чагылдырышы мүмкүн. |

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүрөттөлүшү |
|---|---|---|---|
| | | 12.4) Жасалгалар, моделдер, долбоордун өнүмдөрү аркылуу | **12.4) Окуучулар өз көндүмдөрүн жасалгалар, моделдер, долбоордун өнүмдөрү аркылуу көрсөтүшөт**<br><br>Өтүлгөн материалды бекемдөө үчүн окуучуларга үй тапшырмасы катары майда жасалгаларды жасап келүүгө же кандайдыр-бир долбоорлорду даярдоого тапшырма берилет. |
| | | 12.5) Сахналаштырылган оюн (көрсөтүү) аркылуу | **12.5)** Окуучулар өз көндүмдөрүн сахналаштырылган оюн (көрсөтүү) аркылуу көрсөтүшөт<br><br>Текстти окуп чыккандан кийин окуучулар айрым эпизоддорду сахналаштырышы мүмкүн.<br><br>Сахналаштыруу — адабий чыгарманы сахнага ылайыктап кайра иштеп чыгуу, б.а. баяндоочу текстти драматургиялык формага айлантуу.<br><br>Ишмердиктин бул түрү окутуу процессин көп түрдүүлөнтүп, кызыктуураак кылууга жардам берет. |

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүрөттөлүшү |
|---|---|---|---|
| **D. Окуу чөйрөсү** | | | |
| 13 | • Жынысына, этникалык таандыктыгына, тилине, маданиятына, динине же окууга жөндөмдүүлүгүнө карабастан бардык окуучуларды катышууга шыктандыруу | 13.1 Мугалим (мисалы, суроолорго жооп берүүгө, үнүн чыгарып окууга, суроо берүүгө, иштин натыйжаларын бөлүшүүгө) активдүү катышууга шыктандырабы?<br><br>13.1.1) … бардык окуучуларды шыктандырат | **13.1.1) Бардык окуучуларды шыктандыруу**<br>**Шыктандыруу** — окуучулар тигил же бул тапшырманы ийгиликтүү аткарган, чоң иш жасаган учурда аларды андан аркы ийгиликтерге багыттоо максатында окуучулардын иштерин жана аракеттерин оң баалоону чагылдыруунун ыкмасы.<br>Шыктандыруу окуучуларды кубантат, аларга жаңы дем кошот, өз күчүнө ишенүүнү жогорулатат, демилгени, активдүүлүктү ойготот, мүнөздүн эрктүүлүк сапаттарын тарбиялоого көмөктөшөт, туруктуулукка, өжөрлүккө, тырышчаактыкка түрткү берет.<br>**Натыйжалуу шыктандыруунун белгилери**<br>1. Мугалим туруктуу түрдө окуучуларды шыктандырат.<br>2. Оң баа берүү менен бирге окуучунун ишмердигинде/жообунда эмне оң баага татыгандыгын белгилеп өтөт.<br>3. Окуучулардын ийгилигине кызыкдарлыгын көрсөтөт.<br>4. Баланын жетишкен натыйжаларынын маанилүүлүгү жөнүндө маалыматты өзүнө билдирет.<br>5. Окуучуларды өз ишин жакшы натыйжаларга жетүү максатында уюштуруу билгичтигин калыптандырууга багыттайт.<br>6. Баалоону баланын мурунку жана азыркы жетишкендиктерин салыштыруу менен коштойт, ар бир ийгиликти белгилейт.<br>7. Шыктандыруу бала сарптаган аракетке өлчөмдөш болот.<br>8. Ийгиликтерди окуучунун аракеттери менен байланыштырат.<br>9. Иштеги ийгилик алардын өздөрүнүн аракеттерине көз каранды экенине окуучулардын көңүлүн бурат. |

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүрөттөлүшү |
|---|---|---|---|
| | | 13.1.2) … балдарды жана кыздарды бирдей даражада шыктандырат | **13.1.2) Балдарды жана кыздарды бирдей даражада шыктандыруу**<br><br>Окуучуларды шыктандырууда мугалим кыздарга да, балдарга да бирдей өлчөмдө көңүл буруусу зарыл. Мындай учурда мугалим балдарга алардын гендерлик таандыктыгына карабастан урматтоосун жана калыс мамилесин көрсөтөт. |
| | | 13.1.3) … класстын ар кайсы бөлүктөрүндө отурган окуучуларды шыктандырат | **13.1.3) Класстын ар кайсы бөлүктөрүндө отурган окуучуларды шыктандыруу**<br><br>Класстын ар кайсы бөлүктөрүндө (айрыкча арткы парталарда) отурган окуучулар жөнүндө унутпаш керек. Арткы парталарда отурган окуучулар тапшырма аткарууда жана сабактын алдына коюлган максаттарга жетүүдө кыйынчылыктарга туш келбегенине мугалим сабактын жүрүшүндө тике байкоо жүргүзүп, текшерип туруусу зарыл. |
| | | 13.2 Окуучуга берилген суроого жоопту ойлонуу үчүн мугалим убакыт (10 секунддан кем эмес) береби? | **13.2. Суроого жоопту ойлонууга убакыт (10 секунддан кем эмес) берүү**<br><br>Калыптандыруучу баалоонун **«10 секунд»** деп аталган техникасы бардык окуучуларга өз жообун ойлонууга мүмкүндүк берет.<br><br>Көпчүлүк учурларда мугалимдер суроо бергенден кийин дароо (биринчи секундада эле) окуучуларды сурамжылап баштайт. Эреже катары, реакциясы эң тез болгон 4-6 окуучу жооп бере алышат. Бул жагдай суроону жана анын жообун ойлонууга бардык окуучуларды тартууга мүмкүндүк бербейт. |

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүрөттөлүшү |
|---|---|---|---|
| | | | Суроо берилгенден кийин 10 секундду бөлүү бардык окуучуларга ал суроо тууралуу ойлонууга жана жооп даярдоого мүмкүндүк берет.<br><br>Мисалы, мугалим суроо берет жана ой толгоого 10 секунд берет, андан кийин жоопторду угат. Эгер суроо айрым бир балага берилген болсо, анда жообун билген башка окуучулардан ашыкпоону жана жообун айтпоону, суроо берилген окуучунун жооп беришине мүмкүндүк берүүнү өтүнөт. Эгер ал бала жообун билбесе, анда мугалим класстан ага жардам берүүнү өтүнөт. |
| | | 13.3. Мугалим жогоруда тизмектелгендердин эч бирин колдонбойт | **13.3. Окуучулар сабакка активдүү катышуусу үчүн шыктандыруулар жана «10 секунд» техникасы колдонулбайт** |

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүрөттөлүшү |
|---|---|---|---|
| 14 | • Даректүү окутууну камсыз кылуу – кошумча колдоого муктаж окуучулар-ды окутуу | 14. Сабакта кыйынчылыктарга дуушар болгон окуучуларга мугалим кантип жардам берет? | Тилекке каршы, көп учурда мугалим сабактан жетишпегендиктин же окуу предметине терс мамиле кылуунун себебин, биринчиден, окуучулардын өзүнөн («көңүл бурбайт», «окубайт», «жалкоолонот», «ою дайыма эле башкада»); экинчиден, жагымсыз тышкы шарттардан («начар үй-бүлө», «жардам беришпейт», «үйдөн эч ким көзөмөлдөбөйт») издейт.<br><br>Бул бөлүктө сиздин көңүлүңүздү айрым бир кыйынчылыктарга туш келген окуучуларга кошумча колдоо көрсөтүүгө багытталган мугалимдин ишмердигине бурабыз. |
| | | 14.1) Суроону же тапшырманы жалпы класс үчүн кайталайт | **14.1) Суроо же тапшырма жалпы класс үчүн кайталанат**<br><br>Эгер айрым окуучу тапшырманын суроосун түшүнбөй калса, мугалим ал суроону жалпы класс үчүн дагы бир жолу кайталайт. Ошентип, мугалим бир эле түшүнбөй калган окуучу эмес, башка түшүнбөй калган, бирок ал жөнүндө айтуудан корккон окуучулардын баарынын көңүлүн тапшырмага буруп, тапшырманы жакшыраак түшүндүрө алат. |
| | | 14.2) Кошумча колдоо көрсөтүү максатында топтук иштерди уюштурат | **14.2) Кошумча колдоо көрсөтүү максатында топтук иш уюштурулат**<br><br>Эгер мугалим 2-3 окуучу кыйынчылыкка туш келип жатканын байкаса, анда ал кошумча колдоо көрсөтүү максатында топтук иш уюштуруşу мүмкүн. Топто иштөө учурунда билим алуу, окуу материалын өздөштүрүүнүн натыйжалуулугу жана билимдердин актуалдаштырылышы жогорураак болот.<br><br>Окуучулар курдаштарынын чөйрөсүндө өздөрүн ишенимдүүрөөк сезгени, бири-бирин жакшыраак түшүнгөнү үчүн да кичи топтордо окутуу бир кыйла натыйжалуу. |

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүрөттөлүшү |
|---|---|---|---|
| | | | Өз ара окутуу учурунда окуучулар маалыматты жеңилирээк өздөштүрүшөт жана көп кыйынчылыктарды жеңишет. |
| | | 14.3) Окуучуга жекече көңүл бурат | **14.3) Окуучуга жекече көңүл бурулат**<br><br>Айрым учурларда мугалим кыйынчылыкка дуушар болгон окуучуга, ага жалпы класстын көңүлүн бурбоо үчүн, жекече көңүл бөлөт. Мугалим мындай окуучуга акырын басып келип, тапшырманы аткарууга жардам берет же ага тапшырманы дагы бир жолу түшүндүрөт. |
| | | 14.4) Окуучуну (окуучуларды) сындайт | **14.4) Окуучуну (окуучуларды) туура эмес сындоо**<br><br>Кээде мугалимдер терс кайтарым байланышка жол беришет. «Дагы эле туура эмес», «баары туура эмес», «толугу менен туура эмес», «сага деги качан жетет», «менин келесоом», «сен менин үмүтүмдү үздүң» ж.б. деген сыяктуу сөздөр окуучунун окууга, демилге көрсөтүүгө жана максаттарына жетүүгө болгон каалоосун жок кылат. |
| | | 14.5) Дифференциацияланган, татаалыраак / жеңилирээк тапшырмаларды берет | **14.5) Дифференциацияланган, жеңилирээк / татаалыраак тапшырмалар берилет**<br><br>Жекече мамилени ишке ашыруунун жолдорунун бири – окутууну дифференциялоо. «Окуучуларды класстык жамааттын алкагында кызыкчылыктары, даярдыгынын деңгээли боюнча кичирээк топторго бириктирүүнүн негизинде окуучулардын окуп-үйрөнүү ишмердигин уюштуруунун формасы… |

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүреттөлүшү |
| --- | --- | --- | --- |
| | | | Ар бир топ ар түрдүү мүнөздөгү, татаалдыктын бирдей эмес деңгээлдериндеги тапшырмаларды алат… Дифференциацияланган мамиле артта калган окуучуларды класстын алкагында алдыга тартууга, окуучулардын ар бир тобу үчүн азык берүүгө мүмкүндүк берет… Иштин ар кандай түрлөрү үчүн курамы боюнча ар кандай топтор түзүлүшү мүмкүн. Дифференциацияланган мамиле окуучулардын билимине, билгичтиктерине жана көндүмдөрүнө талаптардын бирдиктүүлүгүн жокко чыгарбайт». (Львов М. Р. Словарь-справочник по методике русского языка. — М.: Просвещение, 1988, с. 52.)<br><br>Дифференциацияланган мамиледе окууда кыйынчылыктарга туш болгондорго гана эмес, акыл-эстик өнүгүүнүн жогорку деңгээлине ээ болгон, ишмердиктин тигил же бул түрлөрүнө айкын көрүнгөн кызыгуусун, шыгын жана жөндөмүн көрсөткөн балдарга да көңүл бурулууга тийиш. Ошентип, мугалим окуучулардын жөндөмдөрүнө, кабыл алуусунун жана даярдыгынын деңгээлине жараша тапшырмаларды тандайт. |
| | | 14.6) Окууда кыйынчылыктарга дуушар болгон окуучуларга көңүл бөлбөйт | **14.6) Окууда кыйынчылыктарга дуушар болгон окуучуларга көңүл бөлүнбөйт**<br><br>Эгер кыйналып жаткан балдарга дароо көңүл бурулбаса, алар бүткүл сабак бою пассивдүү бойдон калышат жана окуу материалын өздөштүрө албай, канааттанбаган бойдон калып, окууга кызыгууну жоготушат. |

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүрөттөлүшү |
|---|---|---|---|
| | | 14.6) Башка<br>________________ | **14.6) Башка**<br><br>Мугалим даректүү колдоонун башка ыкмаларын колдонушу же аларды туура эмес колдонушу мүмкүн. Байкоочу бул жөнүндө байкоо формасына жазууга тийиш. |
| 15 | • Окуучуга (окуучу-ларга) сый мамиле жасоо.<br>• Сабак учурунда активдүү угууну кол-донуу | 15.1. Мугалим сабак учурунда окуучуга (окуучуларга) сый мамиле жасайбы? | **15.1. Сабак учурунда окуучуга (окуучуларга) сый мамиле жасоо**<br><br>Окуучунун инсандыгын урматтоо баарыдан мурда мугалим менен окуучунун ортосундагы теңчиликти, тең укуктуулукту, коомдук абал, маданият, билим, жаш курак, өмүрлүк тажрыйба ж.б. боюнча айырмага карабастан өнөктөштүк мамилени билдирет.<br><br>Мугалим балдардын ар бири ар кандай экенин, аларды бирдей эсептөөгө болбой турганын эстен чыгарбоого тийиш. Ал гана эмес, өзүнүн кызыгуусу, аракеттери, колдоосу менен мугалим өзү балдардын жекечелигин, өз алдынчалыгын өз классташтарына, башка адамдарга сый мамиле аркылуу көрсөтүүгө түрткү берүүгө тийиш. |
| | | 15.2. Мугалим сабакта активдүү угууну колдонобу? | **15.2. Окуучунун (окуучулардын) жоопторун активдүү угуу**<br><br>Мугалим окуучулардын жоопторун башка иштерге алаксыбастан, кунт коюп угууга тийиш. |

| № | Ийгиликтин критерийлери | Байкоо үчүн маселелер | Сүрөттөлүшү |
| --- | --- | --- | --- |
| | | | **Активдүү угуунун белгилери**<br>– көзүнө кароо;<br>– тактоочу суроолорду берип туруу;<br>– кайтарым байланыш;<br>– пикирин айтуу.<br>Окуучунун (окуучулардын) жоопторун кунт коюп угуу — ага сый мамилесин, урматтоосун билдирүү, бул тиешелүү түрдө окуучунун окууга болгон шыктануусун жогорулатат. |

**Окуу сабактарына байкоо жүргүзүү үчүн sabakapp мобилдик тиркемесинин нускамалары**

ОсОО «V.R.S. Company» типографияда басылган.
Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Кулатов көч., 8/1
E-mail: vrs-co@mail.ru
Нускасы 1285 экз.